Орусияда жүргөн ар бир адам, жарандыгына, камсыздандыруу полисине жана башка документтерине карабастан, АКЫСЫЗ тез медициналык жардам алууга укуктуу.[1]

Өмүргө коркунуч туудурган жана шашылыш медициналык кийлигишүү зарыл болгон кырдаалдарда тез жардам көрсөтүлөт.

Акысыз жардам мамлекеттик ооруканаларда гана көрсөтүлөт.

Орусиянын бардык шаарларында тез жардам номерлери — уюлдук телефондон 103 же 112 (тез жардамды блоктолгон телефондон да чакырса болот). Чалуу учурунда эмне болгонун, жабыркаган адам кайда экенин айтып, оператордун суроолоруна жооп берүү керек.



# ТЕЗ ЖАРДАМ ЧАКЫРУУ КЕРЕК

- эгерде адам оор жаракат алса — мисалы, кырсыкка кабылса же терезеден кулап кетсе
- эсин жоготкондо
- кырсык болгон учурда
- катуу кан агуу учурунда
- катуу уулануу учурунда
- кош бойлуу аялдын толгоосу башталып же күтүүсүздөн ооруп баштаса



[1] Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 6-мартындагы № 186 «Россия Федерациясынын аймагында чет өлкөлүк жарандарга медициналык жардам көрсөтүүнүн эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтому.

Сиз шашылыш медициналык жардам алууга укугуңуз бар экенин унутпаңыз. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси же кандайдыр бир документтери жок болсо “Тез жардам” сизден баш тартууга укугу жок.



**Орусиянын бардык шаарларында тез жардам номерлери — уюлдук телефондон**

**103 же 112**

**+7 967 079-71-45**
**+7 915 452-83-92**
**+7 910 000-55-18**

## «Ден соолука бир каадам»

Бул жерде медициналык жардам алуу боюнча суроолоруңузга жооп беришет жана өзүңүздү кантип коргоо боюнча кеңеш беришет:

Региональная экспертная группа по здоровью мигрантов



# ОРУСИЯДАГЫ МИГРАНТТАРГА МЕДИЦИНАЛЫК ТЕЗ ЖАРДАМ